Жөөттөргө жана христиандарга озунуп салам айтпагыла. Эгер жолдо алардын бирөөсүнө жолугуп калсаңар, аны жолдун кырына кысып өткүлө

Абу Хурайра (ага Аллах ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Жөөттөргө жана христиандарга озунуп салам айтпагыла. Эгер жолдо алардын бирөөсүнө жолугуп калсаңар, аны жолдун кырына кысып өткүлө".

[Сахих (ишенимдүү)] [Муслим жазып калтырган]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жөөттөргө жана христиандарга, эгер алар мусулман мамлекетинин коргоосунда болсо да, озунуп салам айтуудан тыйган. Ошондой эле алардын бирөөсү менен бир жолдо бет келишип калсак, аны жолдун чекесине кысып өтүү керектигин баяндаган. Мусулман жолдун ортосу менен басып, каапыр жолдун чекеси менен басат. Кандай абал болсо да мусулман адам эч качан кор болбошу керек.

http://www.sunnah.global/hadeeth/ky/show/5347